«Жактырылды»
ХБГжТИнин ОМК төрайымы,
доц. Абдыкапарова А.О.
_______________
«13» ___09___ 2023-ж.

«Бекитемин»
ХБГжТИнин директору,
проф. Дыйдаев М.М.
_______________
"19" ________ 2023-ж.

**Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын окуу-методикалык комиссиясынын 2023-2024- окуу жылына**

**ИШ ПЛАНЫ**

| № | Аткарылуучу иштер | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Кафедранын жыйынында окуу усулдук кеңештин иш планын,өз ара жана ачык сабактарга катышуу графигин бекитүү. | сентябрь | Кафедра башчысы жана ОМКнын мүчөлөрү. |
| 2 | Ар бир окутуучуга бөлүнгөн 2022-2023 окуу жылынын күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнүн сааттарын бекитүү. | -//- | Кафедра башчысы жана ОМКнын төрайымы. |
| 3 | Кафедранын баардык дисциплиналары, жаны сабактар боюнча жана башка факультеттерде өтүлүүчү сабактардын: (курак анатомиясы, физиологиясы жана гигиенасы, экология ж.б.) жумушчу программаларын талкуулоо жана бекитүү. | -//- | Кафедра башчысы жана ОМКнын төрайымы |
| 4 | Студенттердин кышкы жана жайкы сессияларын өз учурунда тапшырууларын көзөмөлдөө жана анализдөө | январь, июнь | Кафедра башчысы, ОМКнын мүчөлөрү |
| 5 | Студенттердин ар бир дисциплина боюнча өз алдынча иштерин уюштуруу жана алар менен жекече иш жүргүзүүнү көзөмөлдөө | жыл ичинде | Бардык окутуучулар ОМКнын төрайымы |
| 6 | Түзүлгөн план боюнча сабактардын сапатын жогорулатуу үчүн өз ара жана ачык сабактарга катышуу, аны талкулоо жана анализдөө | График боюнча жыл ичинде | Кафедранын жана ОМКнын мүчөлөрү |
| 7 | Окутуунун сапатын жакшыртуу максатында конок лектордун жана факультеттин башка кафедраларында өтүлүүчү сабактарына катышуу, пикир алмашуу. | Жыл ичинде | Кафедранын жана ОМКнын мүчөлөрү |
| 8 | Кафедранын окутуучулары тарабынан жазылып даярдалган окуу китептерин, окуу куралдарын, окуу–усулдук комплекстерин, окуу-усулдук колдонмолорун талкулоо жана рецензиялоо | Жыл ичинде мүмкүнчүлүккө жараша | ОМКнын мүчөлөрү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9 | Мамлекеттик аттестация жүргүзүү боюнча иш чараларды уюштуруу (окутуу программаларын жана экзамендик билеттерди талкулоо). | Январь-март | ОМКнын мүчөлөрү жана окутуучулар |
| 10 | Окуу пландарын жана вариативдик бөлүгүндөгү дисциплиналарды талкуулоо. Педагогикалык жана специализацияланган профилдик практикалардын программасын жана планын талкуулоо | План боюнча | ОМКнын мүчөлөрү |
| 11 | Билим берүү сапатына кепилдик жүргүзүү иш-чараларын талкуулоо | Жыл ичинде | Кружоктун жетекчилери |
| 12 | Дарстардын тексттин, практикалык жана лабораторлук иштердин колдонмолорун анализдөө жана талкуулоо | Жыл ичинде | ОМКнын мүчөлөрү |

**Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы, проф.м.а.** — [signature] — **Шаршеналиева Г.А.**

**Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын окуу-методикалык комиссиясынын төрайымы, проф.м.а.** — [signature] — **Бейшеналиева С.Т.**

Кафедранын отурумунда №_1_ отурумунда талкууланды
"_12_" _сентябрь 2023_

«Жактырылды»
**ХБГжТИнин ОМК төрайымы,**
**доц. Абдыкапарова А.О.**
________________
«19» 09 2023-ж.

«Бекитемин»
**ХБГжТИнин директору,**
**проф. Дыйдаев М.М.**
________________
“__” ________ 2023-ж.

**Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамынын 2023-2024-окуу жылына карата өз ара сабакка катышуулардын графиги**

| № | Ф.А.А. | Предметтер | октябрь | ноябрь | декабрь | февраль | март | апрель |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ногойбаева Р.С. | Көбөйүү жана өрчүнүн биологиясы | Бейшеналиева С.Т.<br>Кырбашова М.Т.<br>Боогачиева А.К. | | | | | |
| 2 | Бейшеналиева С.Т. | Биохимиянын лаборатордук методдору | | Кырбашова М.Т.<br>Абдыкеримова К.Ш.<br>Казакова Н.О. | | | | |
| 2. | Кырбашова М.Т. | Цитология | | | Бейшеналиева С.Т.<br>Акунова С.О.<br>Ниязова Н.Д. | | | |
| 3 | Абдыкеримова К.Ш. | Биотехнология | | | . | Кырбашова М.Т.<br>Бейшеналиева С.Т.<br>Ногойбаева Р.С | | |
| 4 | Акунова С.О. | | | | Абдыкеримова .Ш.<br>Кырбашова М.Т.<br>Боогачиева А.К | . | | |
| 5 | Шаршеналиева Г.А. | Генетика | | | | | Кырбашова М.Т.<br>Бейшеналиева С.Т.<br>Абдыкеримова К.Ш. | |
| 6 | Казакова Н.О. | БОМ | | | | | | Бейшеналиева С.Т.<br>Кырбашова М.Т.<br>Ниязова Н.Д. |

Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы, проф.м.а. Шаршеналиева Г.А.

Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын окуу-методикалык комиссиясынын төрайымы, проф.м.а. Бейшеналиева С.Т.

Кафедранын отурумунда №1 отурумунда талкууланды
“12” сентябрь 2023 ж.

«Жактырылды»
ХБГжТИнин ОМК төрайымы,
доц. Абдыкапарова А.О.
_______________
«18» 09 2023-ж.

«Бекитемин»
ХБГжТИнин директору,
проф. Дылдаев М.М.
_______________
"18" 09 2023-ж.

**Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын 2023-2024-окуу жылындагы ачык сабактардын (теориялык/практикалык) графиги**

| № | Ф.А.А. | Дисциплина | Убагы | Темалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-жарым жылдык | | | | |
| 1. | Андакулова Ж.А. | Экология | ноябрь | Суу жашоо чөйрөсү |
| | 2-жарым жылдык | | | |
| 2 | Давлетова Ч.С. | АЖФ | | Көздүн физиологиясы |

**Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы, проф.м.а.** **Шаршеналиева Г.А.**

**Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын окуу-методикалык комиссиясынын торайымы, проф.м.а.** **Бейшеналиева С.Т.**

Кафедранын отурумунда № 1 отурумунда талкууланды
"12" сентябрь 2023-ж.

И.Арабаев атындагы КМУнун ТИжТИнин жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын окуу методикалык комиссиясынын 2023-2024 окуу жылынын 1-жарым жылдыгындагы аткарган иштери боюнча

ОТЧЕТУ

Жалпы биологияжана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын окуу методикалык комиссиясы 2023-2024-окуу жылынын 1-жарым жылдыгында жыл башында бекитилген иш планы боюнча иш жүргүздү.

2023-2024 окуу жылынын 1-жарым жылдыгында жалпы биологияжана аны окутуунун технологиясы кафедрасына бекитилген 550 100 ТИББ жана 520 200 багыттары боюнча дисциплиналар боюнча ОУКтер бакалавриат жана магистратура бөлүмдөрүнө окуу планына ылайык, компотенциялары жаңылынып толукталды, талкууланды жана бекитилди.

520 200 "Биология" жана 550 100 "Табигый илимий билим берүү" багыты боюнча бакалаврлар жана магистранттар үчүн мамлекеттик аттестациялоонун программалары жана суроолору даярдалды. 550 100 "Табигый илимий билим берүү" багыты боюнча сырттан окуган магистранттар үчүн мамлекеттик аттестациянын программасы, суроолору даярдалып анын негизинде билеттер түзүлдү.

2023-2024-окуу жылынын 1-жарым жылдыгына 3 өз ара сабакка катышуу жана 1 ачык сабак өткөрүү пландалган. Пландалган өз ара сабактарга катышуу сабактарына ОМКнын төрайымы, мүчөлөрү, кафедранын окутуучуларыкатышып анализденип, Токтомдор жазылды.

Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын ага окутуучусу Ж.А. Андакуловага "Экология" дисциплинасы боюнча ачык практикалык сабак пландалган. Жээнбү Атакановна ден-соолугуна байланыштуу бул ачык практикалык сабакты өткөрө алган жок.

Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын доценти Р.С. Ногойбаевага "Иммунология" дисциплинасы боюнча өз ара сабакка катышуу пландалган. Раиса Сардаевна Б-1-20 тайпасынын студенттерине "Иммундук системанын клеткаларынын мүнөздөмөсү. Иммуноглобулиндердин классификациясы" деген темада лекция окуду. Лекциянын темасы, планы жарыяланды. Лекция темасына жараша даярдалган презентация слайддарменен коштолду жана "Мээге чабуул", "Кичи топтордо иштөө" интерактивдик стратегиялары колдонулду. Дарс эң жогорку деңгээлде өткөндүгү, жогорку билим берүүнүн талаптарына толук жооп берери жана максатына жеткендиги белгиленди.

Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын проф.м.а. Бейшеналиева С.Т. «Биохимиянын лабораторлук методдору» дисциплинасы боюнча Б-1-21 тайпасынын студенттерине "Адистешкен ткандардын биохимиялык көрсөткүчтөрү" деген темада өз ара сабакка катышуу лекция сабагын өткөрдү. Дарс темасына жараша даярдалган презентация слайддар, таблицалар, схемалар, менен коштолду жана "Мээге чабуул", "ББКжБ" интерактивдик стратегиялары колдонулду. Дарс эң жогорку деңгээлде өткөндүгү, жогорку билим берүүнүн талаптарына толук жооп берери жана максатына жеткендиги белгиленди.

Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын доц.м.а. Кырбашова М.Т. «Цитология» дисциплинасы боюнча “Интерфазалык ядронун түзүлүшү жана кызматы” деген темада студенттерге окуган лекциясын талкуулоо жана анализдөө пландалган.Дарста заманбап билим берүүнүн технологиялары пайдаланылды. “Мээге чабуул”, “Кичи топтордо иштөө”, “Рефлекция” стратегиялары колдонулду. Дарс эң жогорку деңгээлде өткөндүгү, жогорку билим берүүнүн талаптарына толук жооп берери жана максатына жеткендиги белгиленди.

Табигый илимдер жана туризм институтунун жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын проф.м.а. С.Т. Бейшеналиеванын жетекчилиги астында «АЗЫКТАНУУ ЖАНА АНЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ» деген темада ИЛИМИЙ КРУЖОК Б-1-21 тайпасынын студенттеринин жана магистранттын катышуусунда өткөрүлдү. Илимий кружокко Табигый илимдер жана туризм институтунун директору г.и.д., проф. М.М. Дылдаев, табигый илимдер жана туризм институтунун директорунун орун басарых.и.к., доц. Ж.Б.Бакенов жана окутуучулар курамы, студенттер катышышты. Илимий кружоктуч максаты студенттерге туура азыктануу бул дени сак жашоонун негизи экендигин ачып көрсөтүү болду. Илимий кружоктун алкагында темага ылайык Анкета даярдалып студенттерди анкетирлөө жүргүзүлдү жана жыйынтык чыгарылды. «Нутрициология илиминин өнүгүү тарыхы», «Азыктануу жана анын көйгөйлөрү» боюнча докладдар окулду. Азыктануу маданияты боюнча накыл сөздөр, табышмактар катуушуучулар менен бирдикте чечмеленди. Илимий кружоктун негизинде «Эртең мененки азыктануунун маанилүү 5 себеби» деген буклет даярдалып сунушталды. Кайтарым байланыш үчүн Kahoot платформасы колдонулду. Илимий кружок максатына жетти.





И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин Табигый илимдер жана туризм институтунун "Жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы" кафедрасынын ага окутуучусу, Боогачиева Айжан Качкынбековна педколледждин студенттерине "Азыркы экологиялык көйгөйлөр жана чечүүнүн жолдору" деген темада конок лектор катары лекция окуп келди.



ЮНИСЕФтин проектисин реализациялоо чегинде STEM-предметтерин окутууну жакшыртуу боюнча мугалимдер үчүн 2-күндүк тренингдерде проф. Давлетова Ч.С. тренер катары катышып келди:

- Аламүдүн р-нун мектеп мугалимдери үчүн (17–18.06.23ж., 42 адам),
- Ат-Башы р-нун мектеп мугалимдери үчүн (20-21.06.23ж., 38 адам),
- Кочкорр-нун мектеп мугалимдери үчүн (21– 22.06.23ж., 58 адам)
- Ыссык-Ата р-нун мектеп мугалимдери үчүн (1-2.07.23ж., 35 адам)
- Кызыл-Кыя ш. мектеп мугалимдери үчүн (31.07 – 01.08.23ж., 86 адам),
- Ноокат р-нун (02 - 03.08.23ж., 88 адам),
- Сузакр-нун мектеп мугалимдери үчүн (04 – 05.08.23ж., 74 адам)

Проф. Ч.С.Давлетова 3 ноябрда Ысык-Ата районун мектептердин директорлор жана мугалимдер менен пландаштыруу боюнча консультациялык тренинге тренер катары катышып келди.



Ат-Башы райондук мектептердин администрация жана мугалимдер катышкан Стратегиялык пландаштырууга багытталган Консультациялык тренингде тренер катары Ч.Давлетова катышты.



Кочкор районунун мектептердин администрацияларга жана мугалимдерге пландашуу боюнча консультациялык тренинге проф. Ч.Давлетова тренер катары катышты



Аламедин районунун мектептеринин администрацияларына стратегиялык пландаштыруу боюнча консультациялык тренинге проф. Давлетова Ч.С тренер катары катышты (6.12.23)



Кафедранын профессордук-окутуучулар курамы башка кафедралардын окутуучуларынын сабактарына катышып келишти. Хамида Алымкуловна Шаршенованын Механика предмети боюнча "Жаратылыштагы күчтөр" деген темада ачык сабагына кафедранын окутуучулары катышып келди.



И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде өткөрүлгөн «Заманбап педагогдордун ишин уюштуруудагы жогорку окуу жай менен мектептин байланышы» аталышындагы кереге кеңешке “Билим берүү процессин долборлоого STEM ыкмаларын колдонуу” деген темада жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы, проф.м.а. Г.А. Шаршеналиева доклад окуду.



И. Арабаев атындагы КМУнун Табигый илимдер жана туризм институтунун жалпы биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын ага окутуучулары Н.Д., Ниязова, Н.О. Казаковалардын жетекчилиги астында «Дүйнөнү өзгөрткүн келсе, өзүндөн башта!» аттуу темада Экология дисциплинасы боюнча студенттердин өз алдынча иштерин жыйынтыктоочу семинары болуп өттү. Аталган семинаргаКыргыз республикасыны Билим берүү жана илим министрлигинин Республикалык экология, жерин таануу жана туризм боюнча балдар-оспурумдор борборунун атынан Бактыбекова Кымбат Бактыбековна, Профессор Айдаркан Молдокулов атындагы Улуттук инновациялыктехнологиялар мектеп лицейинин география мугалими Токтоналиева АйшаСоотбековна " Жаш эколог" ийриминин мүчөлөрү менен катышышты.



Кафедранын профессордук-окутуучулар курамынын окуу-куралдары:

- ✓ Ногойбаева Р.С., Боогачиева А.К., Акунова С.О., Ниязова Н.Д. “Айыл чарбасынын биологиялык негиздери” – Окуу-методикалык колдонмо. – Бишкек, - 2023. –3,1б.т.
- ✓ Жалпы биология диciплинасы боюнча окуу методикалык колдонмо (окуу методикалык колдонмо) Типография Арабаева, -Бишкек, -2023, -3,1бт. Азамат кызы Махабат.,Тойчубеков Ж.Т.
- ✓ “Экология” окуу-талаа практикасы боюнча ОУК (Автордук укук обьектисин мамлекеттк каттоо жөнүндө КҮБӨЛҮК №4042 Шаршеналиева Г.А., Усенгазиева Г.С., Абдыкеримова К.Ш., Боогачиева А.К.

Кафедранын профессордук-окутуучулар курамынын квалификацияны жогорулатуу боюнча маалыматтары:

- ✓ FOCUSING консепциясы боюнча тренинг. 72с. СЕРТИФИКАТ Шаршеналиева Г.А.
- ✓ “Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаңы технологиялары” ТАСТЫКТАМА №360. Сентябрь, 2023ж. “Креатив” билим берүү комплекси. Ниязова Н.Д.
- ✓ “Билимдүү мугалим – билимдүү коом” – “Сынак” билим берүү борбору -72 с. СЕРТИФИКАТ лиц.№ 00106200910312 Ниязова Н.Д.
- ✓ “Снежный барс – индикатор горных экосистем” ОФ “Фонд Илбирс”. октябрь, 2023ж., Шаршеналиева Г.А.

Кафедранын профессордук-окутуучулар курамынын жетишкендиктери:

- ✓ 2022-2023-окуу жылында “Окутуучулардын кесипкөйлүгүнүн баалоо” Ыраазычылык кат 2023. И.Арабаев атындагы КМУ Шаршеналиева Г.А.
- ✓ Жаш муундарды окутуп тарбиялоодогу жетишкендиктери, көп жылдык үзүрлүү эмгеги, окуу-илимий иштериндеги ийгиликтери жана билим берүүгө кошкон салымы үчүн сыйлланат. МАКТОО БАРАКЧАСЫ– Табигый илимдер жана туризм институту. – Бишкек- 2023ж. Кырбашова М.Т.
- ✓ Жаш муундарды окутуп тарбиялоодогу жетишкендиктери, көп жылдык үзүрлүү эмгеги, окуу-илимий иштериндеги ийгиликтери жана билим берүүгө кошкон салымы үчүн сыйлланат. АРДАК ГРАМОТА – Табигый илимдер жана туризм институту. – Бишкек- 2023ж. Бейшеналиева С.Т.

Ага окутуучу Н.Д., Ниязованын жетекчилиги астында “Ак илбирсти коргоо күнүнө” карата: БХк-11-22 группасынанТурдалиева Айгерим –презентация, Мухтарбек кызы Бактылгул -видео ролик тартып серификаттарга ээ болушту.И.Арабаев атындагы

КМУ стдуенттери ЖОЖда Экология предмети боюнча олимпиадага ага окутуучулар Ниязова Н.Д., Казакова Н.О., А.К.Боогачиевалардын жетекчилиги астында катышып келишти. Олимпиаданынжыйынтыгында КМУ студенттериЖеңишбекова Динара, Мухтарбек к Бактыгул, ЭмиловаАйгеримжеңишкежетишишти.

И.Арабаев атындагы КМУНунун Табигый илимдер жана туризм институтунун жалпв биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын ага окутуучусуН.Д., Ниязованын жетекчилиги астында 1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИД менен күрөшүү күнүнө карата “Кыргыз республикасындагы АИВ-инфекциясы жөнүндө кыскача маалымат” аттуу студенттер үчүн илимий методикалык семинар болду. Семинарга Жумабеков Баккелди Рустемович – РеспубликалыкАдамдын Иммунужетишсиздик Вирус (АИВ) борборунун диспансер бөлүмүнүн врачы, Чаткалбева Эльнура Замирбековна- Адамдын Иммуножетишсиздик Вирус (АИВ)» борборунун эпидемиолог врачы жана Максатбекова Аэлита Максатбековна – коомчулук менен байланыш менеджери келип өткөрүштү.



Ага окутуучу Н.Д., Ниязованын жетекчилиги астында студенттер арасында кызыктуу талкуу жана рефлексия кайтарым байланыштары жүргүзүлдү.9-декабрда Бб-13-22, БХк-11-22 тайпаларынын студенттери Бишкек шаарынын Свердлов районунун №89 жалпы орто билим берүү мектебинде Билим берүү жана илим министрлигинин Республикалык экология, жерин таануу жана туризм боюнча балдар-өспүрүмдөр борборунун алкагында уюштурулган “Жашыл толкун-2023” аттуу ийримге барып катышып, окуучулардын эмгектери менен таанышып келишти.

Студенттердин ар бир дисциплина боюнча өз алдынча иштерин уюштуруу жана алар менен жекече иш жүргүзүүнү көзөмөлдөйт. Кафедра окутуучулары ар бир дисциплина боюнча өз алдынча иштердин пландарын түзүшкөн, студенттерге маалымат берилген жана студенттер ар кандай формада өздүк иштерин тапшырууда. Ошондой эле комиссиянын жыйынында кафедрага жана институтка тиешелүү болгон темалар талкууланып, жыйынга сунушталып турду.

Кафедранын жана институттун жыйындарына окуу методикалык иштер боюнча материалдар даярдалып берилип турду. Кафедранын жыйынында окуу методикалык иштер боюнча отчет берилип талкууланып анализденди.

Жалпысынан 2023-2024 окуу жылынын 1-жарым жылдыгы үчүн пландалган иш чаралардын бардыгы аткарылды.

Жалпы биология жана аны окутуунун
технологиясы кафедрасынын ОМК төрайымы
прөф.м.а. Бейшеналиева С.Т.